# КАРЫЯНЫН КЕРЭЭЗИ

## жомоктор



УДК 821.51-93
ББК 83.8
К 28

Бул китеп Кыргыз Республикасындагы
Дүйнөлүк Банктын кеңсеси жана
Борбордук Азиянын Евразия Фондунун каражат
жагынан колдоосу менен басылды

Түзүүчүлөр: **Султангазиева Р., Ишенов С.**

К 28 **Карыянын керээзи:** Жомоктор: Мектеп жашындагы кенже балдар менен иштеген китепканачылар жана тарбиячылар үчүн/ Түз. Р. Султангазиева, Ишенов С. — Б.: Салам, 2008. — 32 б.

ISBN 978-9967-24-972-1

К 4803300400-08

УДК 821.51-93
ББК 83.8

ISBN 978-9967-24-972-1

© Султангазиева Р., Ишенов С., 2008
© Дүйнөлүк банк,
Борбордук Азиянын Евразия
Фондусу, 2008

# КАЛЫСТЫК

Илгери кандын уулу, бектин уулу коштогон бир топ жигиттери менен аң уулоого чыгыптыр. Кечке жүрүшүп бир каз бир тоодак, бир безбелдек, бир казгалдак атышыптыр.

Айылдын четине келгенде олжолорун бөлүштүрмөкчү болушат. Бирок, бөлө албай аябай убара тартышат. Ошо кезде бир койчу жигит кой жайып келе жатып, тигилерге жолугуп калат. Кандын уулу кедейден олжолорун бөлүп беришин өтүнөт. Кедей макул болот.

Кедей: - Тоодак, томпойбой биякка жат! - деп тоодакты өзүнүн жанына алып коёт. Кандын уулуна - казгалдак, бектин уулуна безбелдек жарашат, - деп алдыларына таштайт. Анан, казды кармап туруп: «Бөлүмчүгө аз калды, аз калса да каз калды», - деп казды да өзүнө алыптыр. Мергенчилер кедей жигиттин сөз тапкычтыгына ыраазы болушуп, үйлөрүнөтараган экен.



# ИТ МЕНЕН МЫШЫК

*(Кыргыз эл жомогу)*

Эзелки бир заманда кемпир менен чал болуптур. Экөөнүн балдары жок экен. Чал эгин эгип, аштыгын кампага жыят экен. Кыштай базарга алпарып сатып, андан түшкөн акчага тамак сатып алып күн көрүшөт. Бир күнү чал кампадагы аштыгын базарга алпарып сатмак болот. Кампанын эшигин ачып караса, ичинде чычкандар толуп алыптыр. Кампада бир дагы бүтүн дан калбаптыр. Чычкандар жегенин жеп, төгүп - чачып, абдан майкандаптыр. Муну көрүп капаланган чал менен кемпир: Ушул дан менен күн көрүүчү элек, эми кантебиз? - деп кайгырышыптыр.

Ушул кезде кампанын тушунан өтүп бара жаткан мышык булардын муңун угуп, кашына келет да:

- Эмнеге мынча кайгырып турасыңар? - деп, жөн жайын сурайт, куйругун булаңдатып.



- Кайгырбаганда кантели. Чычкандар кампадагы бар болгон даныбызды майдалап жеп салышыптыр. Алардын көзүн кантип жок кылам, бул балекеттерден кантип кутуламын? - деди чал.

- Кана, көрсөтчү, ошол шүмшүктөрдү. Жазаларын окутайын, - дейт мышык мурутун сылап.

- Эмесе, жүр мени менен, - деп, чал кампанын эшигин ачат.

- Мышык кыжылдаган чычкандарды көрөт. Эми эшикти жаап кой да, кете бер, - дейт мышык.

Үй - үйлөрдү кыдырып, курсагы ачып, кабыргасы кайышып жүргөн мышык чычкандар менен кармаша кетет. Алеки заматта беш - алтысын кармап алып, жеп жиберет.

Үй-жайсыз ай-талаада каңгып жүрчү эле, эми жылуу кампада чычкандар менен тамактанып, ракатка батты ал. Бир аз күндөн кийин чычкандар бул жерден биротоло жок болушту. Ошонун салдарынан тамагы азая баштаган мышык кемпир менен чалдан:



- Кана, дагы кандай жумуштарыңар бар? - деп сурайт.

Мышыктын жонунан сылап, эркелетип, мышыктын аткарган эмгегине ыраазы болгон чал менен кемпир:

- Эмне каалайсың, тилеген тилегиңди орундатууга даярбыз, - дешет.

Мышык өзүнүн каалоосун айтат:

- Мен көп нерсе сурабаймын. Жалгыз гана тилегим бар. Мага үйүңөрдүн бир бурчунан орун берсеңер эле болду.

Кемпир менен чал мышыктын тилегин кабыл алып, кайда жатам десе да тыюу салбаптыр. Үчөө таттуу - таттуу өмүр сүрүптүр. Мышыктын алдына кемпир күндө бир аяк сүт берет. Сүткө тоюп алган мышык жылуу үйдө уктайт.

Бир күнү түн ичинде чалдын короосуна карышкыр келип, бир - эки коюн жеп, калгандарын тамактап кетет. Муну көрүп чал:

- Ушу койдун сүтүн ичүүчү элек. Эми кандай күн көрөбүз? Бул зулумдун, жазасын берүүгө бирөө табылаар бекен? - деп, катуу капаланат.

Ошондо мышык:

- Бар, андай баатыр! Мен аны издеп таап келейин, - деп токойго карай жөнөдү.

Жер - сууну чалып, итти издеди. Бир кезде жер жыттап, кабыргасы кайышкан итти көрдү. Жүгүрүп кашына келип:

- Сага бир акыл айтайын. Минтип көрүнгөн ийинди казып каңгып жүргөнчө, адамдын короосун кайтарсаң, курсагың ток болот.

Карды ачып жүргөн ит мунун айтканына көнүп:

- Эмесе ошол адамдын короосуна башта, - деди.

- Жүр, кеттик анда, - деп, мышык итти ээрчитип айылга келди.

Кемпир менен чалдын үйүнө келгенде, кемпир итке тамак берди. Курсагы тойгон ит короонун оозуна барып, күзөткө турду.

Түнү менен көз илбеди. Таң агарып калган кезде бир карышкыр кой короого жетип келди.

Аңдып жаткан ит тура калып, карышкырды алкымынан алды. Карышкыр да аны менен кармаша кетти. Бирок, ит ага бой бербей, ошол жерден кулатты.

Иттин эрдигине чал менен кемпир ыраазы болуп:

- Сен да бир эр жүрөк экенсиң! - деп, итти тамакка тойгузуп эшик алдына үй салып берди.



# КАРЫШКЫР МЕНЕН БЭЭ

*(Румын жомогу)*



Карышкыр ачка болучу. Кулунун ээрчитип оттоп жүргөн бээнин жанына келип, шилекейин чубуртту:

- Кулундун эти кандай гана таттуу! Мага мунуңду сатпайсыңбы? - деп кайрылды бээге.

- Албетте, деди бээ. - Сатпагандачы, сатам.

- Канчага сатаар элең?

- Канчагабы? Эсимен чыгып турганын карабайсыңбы.

Анын наркы менин темир такамда жазылуу эле. Сен сабаттуу жансың го, өзүң окуп алчы, - деп арткы бутун көтөрдү бээ.

Карышкыр айланып барып, такадагыны окумакчы болду.

Ошо замат бээ аны карылуу буту менен тумшук талаштыра тээп калды. Карышкыр оңко-чоңко атып барып, кулады.

Мына сага, кулундун ширин эти!



# МАЙМЫЛДАР КАНТИП ЖАРАЛГАН?

*(Уламыш)*

Мындан миң сандаган жылдар мурун чытырман токойдо бир бойго жеткен жалкоо кыз жашаптыр.

Пири токуучулуктун кудайы экен. Кыз эч түйшүк тартпай жашады, анткени анын пири каалаганындай тамагын берип турчу.

Күндөрдүн биринде кызга пири мындай деди:

- Кебезден өзүңө көйнөк тигип ал. Алгач кебезди тазала.

- Кебезди тазаласам эле көйнөк даяр болуп калабы?

- Жок, - деди пири.

- Адегенде кебезди тазалап, анан сабоо керек.

- Сабагандан кийин эле көйнөк даяр болобу? - дейт жалкоо кыз.

Жок, кебезди ийриш керек.

- Кебезди ийиргенден кийин эле көйнөк даяр болобу?

- Жок, ийрилген жиптен



кездеме токуп, андан көйнөк бычып, анан аны тигиш керек, - деп түшүндүрдү пири.

- Демек, — деп кейиди кыз, — мунун бардыгына көп убакыт жана түйшүктүү эмгек керек турбайбы?

Жок, сен мага кебезди жайып саба деп берген терини жамынып алганым эле дурус, анткени тери кайсы көйнөктөн болбосун бышыгыраак.

Ошентип, кыз терини жамынып алды.

Анын жалкоолугун көрүп, пири аябай ачууланып:

- Мейли, андай болсо ушул тери сенин териң менен кошо бүтсүн! — деп кыйкырып жиберди.

Анан кебез сабаган сабоону алып, кыздын аркасына такап туруп мындай деди:

- Бул сабоо сенин денеңдин бир бөлүгү болуп калат, аны менен бактардын бутагына жармашасың. Жалкоолугуңдун жазасына сен токойдо гана жашайсың да, тамакты өзүң издеп таап жейсиң.

Биринчи маймыл ушинтип жаралып, ал түктүү жана узун куйруктуу болуп калган имиш.



# ХАН МЕНЕН КУМУРСКА

Илгери-илгери каардуу бир хан жашаптыр. Тегерегиндеги коңшулаш элди тынч койбой чаап алып турчу экен. Бир жолу ошол хан сан түмөн аскерлерин курап алып, жортуулга аттанат. Кара коюк арасында атчан аскеринин бири кумурсканын уюгун бастырып өтөт. Ошондо уюктан:

- Аскерлерин туш келди баштап келе жаткан бул кайсы акмак эле?! - деген ачуу үн чыгат.

Бул кепти кулагы чалган хан аябай ызырынат. Анан ошол немени кармап келүүгө буйрук кылат. Бир аздан соң, хандын алдына кумурсканы алып келишет.

- Кепкенедей болуп алып, үнүнүн ачуусун, анан да каардуусун! - деп таңгалат хан.

- Акмак дөө болгуча, акылдуу эргежээл болгон артык, - дейт кумурска тартынбай.

- Башың кандайча чоң?

- Демек акыл турар жери ошончо.

- Белиң эмне үчүн кылдай?

- Эр жигиттин белинин ичке болгону жакшы. Мен сен сыяктуу кап курсак эмесмин.

- Жыл бою эмне менен тамактанасың?



- Буудайдын бир тоголок даны бир жылга жетет. Мунуӊа эч качан ишенбейм!

Жаныӊды жеп калп айтып жатасыӊ! - деп күлдү хан.

- Калп мага жарашпайт.

- Сенин калп - чыныӊды опоӊой текшерип коём, - деди хан, тигинин сөзүнө шектенген калыбында. Мен сени темир үкөктүн ичине саламын. Жаныӊда өзүӊ айткан бир тоголок гана дан болот. Бир жылдан соӊ, сенин кандай абалда болоруӊду көрөмүн!

Ошентип арадан бир жыл убакыт өтөт.

Хан баягы кумурсканы унутуп калат.

Күндөрдүн бир күнүндө баягы аскери болгон окуяны эсине салат. Ошондо гана темир үкөктү ачтырат.

Кумурска тирүү. Бар болгону дандын теӊин гана жептир.

- Мына кызык! - дейт хан. - Дандын жартысын гана коротупсуӊ. Бул эмнеӊ?!

- Анткени, мени бу темир үкөккө камаган акмак дагы бир жыл унутуп калсачы? - деди.

- "Сактыкта кордук жок", - деген бар эмеспи.



# СУЛАЙМАН ПАДЫШАНЫН КАЛЫСТЫГЫ

Сулайман падыша жаш кезинде бир түш көрөт да, түшүндө аян берип, бирөөнүн үнү угулат:

- «Каалаганың эмне? Өз тагдырың колуңда.

Эр жүрөк жоокер болуп, атагыңды чыгаргың келеби? Алтын-күмүшү ашып-ташкан бай болгуң келеби? Же, жер жүзүңдөгү бүт элди өзүңө каратууну каалайсыңбы? Же, узун өмүр сүрсөм дейсиңби?..

Каалаганыңды айт - бары орундалат».

Сулайман ойлонуп туруп, жооп кайтарат:

«Мага жоокердик атак - даңктын да, байлыктын да, узун өмүрдүн да кереги жок. Мүлдө элге бийлик жасоону да каалабайм. Бир гана тилегим: акылман болсом... Жүрөгүм акыйкат деп согуп, жакшылык менен жамандыкты айра таанысам, ажат ачкан адил сот болсом».



- «Тилегиң кабыл болот», - дейт, баягы үн.

Ошентип, Сулайман акылман адамга айланат да, атак-даңкка да, байлыкка да, жаамы журттун сүймөнчүлүгүнө да ээ болот.

Анын кемеңгерлиги, акыйкатчылдыгы төгөрөктүн төрт бурчуна тарайт. Талаш-тартышты калыстык менен чечип берер деп келгендер көбөйөт.

Бир жолу

анын алдына ымыркай бала көтөргөн эки аял келет.

Аялдын бири минтет:

- Падышам! Биз экөөбүз бир бөлмөдө жашачу элек. Экөөбүз тең бир убакта уулдуу болдук. Алланын амири - бул аялдын баласы чарчап калды.

Түн ичинде ал өлгөн баласын менин койнума салып, менин уулумду өзүнө энчилеп алыптыр. Эртең менен карасам, койнумда өлүк бала.

Экинчи аял чуу салды:

- Жалган! Өлгөн - сенин балаң - Меники типтирүү!

Сулайман жанындагыларга кайрылды:

- Кылычты апкелгилечи!

Жалаңдаган кылычты жасоолуна сунуп, анан минтти:

- Бул баланы тең экиге бөлө чаап, экөөнө кармат.

Биринчи аял бакырып жиберди:

- Чаба көрбө! Чаба көрбө! Падышам, баланы өлтүртпө! Андан көрө баланы бул аялга тирүүлөй бердире көр!

Экинчи аял камаарабай туруп:

- Акылман падышам, туура кыласың. Мейли, бала мага да тийбесин, буга да тийбесин, - деди.

Ошондо Сулайман обдулуп бараткан жасоолдун колун кармады да:

- Боору ачып, жаны күйгөн аялга баланы бергин. Уул - ошонуку, - деп бүтүм чыгарды.

Баланы энесине карматканда, ал ымыркайын көкүрөгүнө бекем кысты.

Жалганчы аялды болсо үйдөн кууп чыгышты.

Калыс жана адилет падышанын кылары ушу эмеспи.

# КАРЫЯНЫН КЕРЭЭЗИ

*(Уламыш)*

Илгери, илгери асман тиреген тоолордун арасында бир кыштак эл жашаптыр. Бул айылды башка шаар - кыштактар менен байланыштырган бир гана суу жана бир гана жол бар экен. Ал суунун кайсы жакка агып, жолдун кайсы багытка кеткенин башкарган карыясы эле билчү экен.

Күндөрдүн биринде ал карыя катуу ооруп калат. Эл кайгырат, капаланат. Элдин кайгысын Күн, Асман, Ай, Жылдыздар кошо бөлүшүп, муңайышат. Арадан бир жыл убакыт өтөт. Элдин кайгысына кошул - ташыл болуп суу агымына каршы агып, кара бороон айылга келет. Ал адамдардын дилине бүлүк салат. Акылсыз кээ бирөөлөр карыянын өлүмүн тилеп, анын ордун ээлеп, эл башкарсам деп, элди бөлүп - жарат. Ынтымак жоголуп, эл ичин чыр-чатак аралайт.

Ооруп жатса да, элдеги чыр - чатакты сезген карыя элин чогултуп:

- «Кимде-ким шаар - кыштактарга барчу жолду өзү таап, элдин бейпилдигинин сы-



рын билсе - ошол адам элди башкарат», - деп жарыялайт.

Элден жети адам бөлүнүп чыгып, «биз табабыз» дешет. Бирок, алар жол табалбай аттарынан ажырап, ач калып, суукка тоңуп өлө турган болгондо гана карыяны коркутуп жолдун сырын айттырып алабыз деп, бир чечимге келишет.

Бул жаман ойду ойлошоору менен, тоо көчүп, суу бөгөлүп, дарыя кара кочкул болуп агат. Жамгыр нөшөрлөп, жетөө отурган жер бөлүнүп, суу ортосундагы аралга айланат. Бул көрүнүшкө үрөйлөрү учуп, ар бири өз баштарынан кечирген күнөөлөрүн моюндарына алат.

Анан, арасынан бирөө туруп: «Келгиле, эсибиз барда муруңку таттуу турмушубуздун сырын табалы», - дешип, бир акылга келишет. Бирок, суу улам көтөрүлүп, алар турган арал кичирейе берет.



Алар: «О, жараткан, биздин кылган күнөөбүздү кечире көр», - дешип

Алла-таалага жалынышат. Алардын тилегин жараткан угат...

Заматта жамгыр тыйылып, күн ачылып, арал жерге кошулат. Алар айылга келгенде, эл жабылып тосуп чыгат.

Жетөө тең аман-эсен калганына ишенишпей, бирин-бири кучактап ыйлашат, өз каталарын моюндарына алышат.

Эл ичинде ооруп жаткан эл башчысы - карыя да бар эле. Ал оорудан айыгып, ат минип, тигилерди тосуп чыккан.

Эл-журттун дилдерине кубаныч кирет. Ошондо эл башкарган карыя: «Ырыс алды ынтымак» деген сөздү эсиңерден чыгарбагыла, балдарым! - дейт да, шаар - кыштактарга алпарчу жолдун сырын айтып, бийлигин акылы тетик, келечекти көрө билгендердин бирине өткөрүп берет.

Ошол эл азыр да тоо арасында жашап жатат. Ал кайсы эл экенин өзүңөр баамдагылачы.

# ШЕЙДУЛЛА ЖАЛКОО

*(Азербайжан эл жомогу)*

Илгери - илгери жарык дүйнөдө бир киши жашаптыр. Анын аты Шейдулла, өзү жеткен жалкоо экен. Аялы менен балдары ар убак ачка калып, жылаңач - жакыр күн көрө беришет.

«Иштегиң келбейт» - деп, аялы кекээрлегенде Шейдулла:

- Эчтеке эмес, кейибе! Азыр кедей жашаганыбыз менен, жакында бай жашай баштайбыз! - деп жооп берчү.

- Кантип бай жашайбыз?! Сен узунду күнү кечке жамбаштап жатсаң, колуң кыймылдап койбосо?..

- Күтө тур, учуру келет - биз бай жашайбыз! - деп кайталайт.

Аялы да, балдары да күтө берип айлалары кетет.

- Күткөндөн пайда жок, - дейт аялы. - Ачкадан өлмөй болдук!

Айласы кеткен Шейдулла канткенде кедейликтен кутулаарына акылмандан кеңеш сурап барууну чечет.

Үч күн жол жүрүп отуруп, акыры кыржыйган карышкырга кабылат.

- Кайда жол тарттың, кайрымдуу киши? - дейт карышкыр.



- Кантип байыш үчүн кеңеш сурап акылманга баратам.

Муну уккан карышкыр:

- Кичи пейилдикке, менин эмне кылаарымды биле келсең. Үч жылдын жүзү болду, ичим ооруганынан же күндүзү, же түнкүсү жаным жай албайт. Бул оорудан кантип арылаарыма акылман кеңешин берер.

- Жакшы болот, сурай келем, - деди, Шейдулла.

Шейдулла дагы үч күн, үч түн жол жүрүп отуруп, жол боюнда өскөн алма багын көрөт.

- Кайда баратасың, кайрымдуу киши? - Алма багы андан сурады.

- Иштебей кантип жашаса болоорун сурайын деп, акылманга баратам.

- Кичи пейилдикке, мен үчүн да акылмандан кеңеш сурай келсең, - дейт алма багы. - Жылыга жазында мени жайнаган гүл каптап чыгат да, көп өтпөй эле гүлүм бүт бойдон күбүлүп калат. Акылмандан сурап көрчү, бул эмнеси?



- Жакшы болот, сурап көрөйүн, - Шейдулла андан ары жөнөдү.

Ал дагы үч күн, үч түн жол жүргөндөн кийин терең көлгө келет.

Бир чоң балык суудан башын чыгарып:

- Кайда баратасың, кайрымдуу киши? - деп сурайт.

Акылмандан кеңеш жана жардам сурайын деп...

- Кичи пейилдикке, акылманга менин да өтүнүчүмдү айта бар. Жети жылдын жүзү болду, тамагымды дайыма эле бирдеме сайгылап жүрөт. Канткенде мен айыгам, акылман мага кеңешин берсинчи.

- Жакшы болот, сурап көрөйүн, - дейт да, Шейдулла андан ары жөнөйт.

Шейдулла дагы үч күн, үч түн жол арытат. Акыры ал токойго жетип такалат. Токой жалаң кызгылт бадалдан экен. Караса - бир бадалдын түбүндө ак сакалчан кары отурат. Карыя ага карап:

- Шейдулла, сага эмне керек? - деп сурайт.

- Менин атымды кантип билдиң? Атайы



кеңеш сурап келе жаткан акылманым сен болуп жүрбө?

- Ооба. - Карыя жооп берди. - Менден сага эмне керек? Ылдам айткын!

Шейдулла эмнеге келгенин айтып берди. Акылман анын айткандарын угуп отуруп:

- Менден башка эчтеке сурагың келбейби? - дейт.

- Сурагым келет, - дейт Шейдулла. Кыржыйган карышкырдын, алма багынын жана чоң балыктын өтүнүчтөрүн айтып берет.

- Балыктын алкымына, - дейт акылман, - кымбат баалуу таш тыгылып калган. Аны сууруп алганда гана балык айыгат. Алма багынын түбүндө күмүш салынган чоң карапа көмүлгөн. Ошол карапаны казып алганда гүлү солубай мөмөсү бышат. Карышкыр оорусунан арылуу үчүн биринчи эле кабылган жалкоону жутуп жиберүүсү керек.

- А менин өтүнүчүмчү? - Шейдулла жалдырап сурайт.



- Сенин өтүнүчүң, эбак орундалды. Жөнө!

Шейдулла кубанганынан акылмандан эч нерсе сурабай үйүнө жөнөйт. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп көлгө жетет.

Чоң балык чыдамы кетип күтүп турган экен. Шейдулланы көрөөрү менен:

- Айтчы, акылман мага кандай кеңеш берди? - деп сурады ал.

- Алкымыңдагы кымбат баалуу ташты сууруп алганда гана сен айыгасың, - деди да, Шейдулла андан ары жөнөй турган болду.

- Кайрымдуу киши, мени аясаң!.. - Балык андан жалооруп сурана баштады. - Ошол ташты алкымымдан сууруп алчы! Мени да куткарасың, өзүң да байлыкка ээ болосуң!

- Жо - ок, мен жөндөн - жөн эле убара болгум келбейт. Менде байлык өзүнөн өзү пайда болмок болду! - деди да, Шейдулла андан ары жөнөп кетти. Жүрө - жүрө алма багына келет.

Алма багы аны көргөндө болгон бутактарын кыймылдатып, жалбырактарын шуулдатып калды.

- Мен кайгымдан кантип кутулаарымды акылмандан сурап билдиңби? - деп кайрылды ал.

- Билдим, - дейт Шейдулла. - Сенин тамырыңдын алдынан күмүш салынган карапаны казып алуу керек. Ошондо гүлүң солубай, алмаң быша баштайт.

- Ошол карапаны сен казып алчы! Бул сага пайда эмеспи, байып жатып каласың!

- Жо-ок, иштегим келбейт! Менде ансыз деле байлык болоорун акылман айтты. - Шейдулла шайдоот жооп берип, өз жолуна түштү.

Жүрө берип, жүрө берип кыржыйган карышкырга кабылат. Шейдулланы көрөөрү менен арык карышкырдын чыдамы кеткенинен калтырап кетти.

- Мага акылман эмне кеңеш берди? - деп улуду ал.

- Биринчи эле кабылган жалкоону жеп койсоң, ошол замат айыгып кетесиң, - деди Шейдулла камырабай.

Карышкыр ага ыраазычылык билдирип, жолдо эмне көрүп, эмне укканын сураштыра баштады.

Шейдулла өзүнүн чоң балыкка жана алма багына жолугушканын, алардын өтүнүчтөрү туурасында айтып берди.

- Аларга кармалгым келбеди, - деди Шейдулла.

- Мен ансыз деле байыйм да.

Карышкыр анын айткандарын угуп отуруп, аябай кубанды.

- Андай болсо, - дейт карышкыр, - мен жалкоону издеп убара болбойт экемин, ал кашыма өзү келиптир! Дүйнөдө сенден өткөн келесоо да, жалкоо да жок турбайбы! Кудайым берди-и!..



# КЕДЕЙ МЕНЕН БАЙ

*(Литва эл жомогу)*

Кедей дарыя жээгиндеги токойдон карагай кесип жүргөн. Балта сабынан бошоп кетип дарыяга түшүп, жок болду.



Кедейдин боздоп ыйлаганычы:

- «Ай, ай мен бактысызмын! Эми эмне менен карагай кесем да, кантип нан табам?».

Ошол убакта арча сакал, мурду карагайдын тобурчагын элестеткен аксак чал токойдон чыга келет да:

- Эмне ыйлайсың? Сага эмне болуп кетти? — дейт.

- Кантип ыйлабайм, балтам дарыяга түшүп кетти, башкасын сатып ала албасам!

Эми карагайды эмне менен кыям, балдарга эмне менен нан таап берем!

- Болуптур, ыйлаба, мен аныңды алып берем! — дейт чал.

Чал тонун, жөкө чокоюн чечип, суута кирип кетет.

Мүнөт өтпөй суудан сүзүп чыгат да:

- Ме, алгын! Бул сеникиби? деп алтын балта сунат.

- Ой, жок! Ой, жок! Бул меники эмес! — Кедей шаша жооп берет.

Чал кайрадан сууга кирип, күмүш балта алып чыгат.

- Ой, жок, жок! Бул менин балтам эмес! — дейт кедей дагы чочулап.

Үчүнчү жолу чал сууга кирип, темир балтаны алып чыгат.

- Ушул меники! Мына ушул меники!

Кедей эми кубанганынан бийлеп жиберди.

Чалдын колунан балтаны алып, үйгө чуркайын деп турган.

У-у-у-у-у! — чал аны токтотту.

- Сен чынчыл экенсиң, ме бул алтын, күмүш балталарды да кошо ал.

Кедей үйүнө үч балта менен келип, үй- бүлөсүнө көргөн - билгенин баарын айтып берет.

Бир бай коңшусу муну угуп калат. Ал өзүнүн балтасын алат да токойго жөнөдү.

Балта сабына чала бекитилген. Чулп! — деп сууга түшүп кетет. Бай онтолоп калат:

- Ай, ай мен бактысызмын! Ай, ай мен байкуш!

Ошол убакта токойдон арча сакал, мурду карагайдын тобурчагын элестеткен баягы аксак чал сурайт:

- «Эмне болду сага, эмне кейип отурасың?»

- Кантип кейибейсиң, карагай кыйып жатсам балтам сабынан чыгып, суугa түшүп кетпедиби.

- Болуптур, кейибе, аны мен алып чыгып берем, - деди да, чал тонун чечип, суугa кирип кетти.

Мүнөт өтпөй, колуна темир балтаны алып чыгат.

- Ушу сеникиби?

- Жок, меники эмес! Меники мындан жакшыраак болучу!

Чал экинчи жолу суугa кирип, алтын балта алып чыгат.

- Мына, мына, меники так ушул! — дейт бай сүйүнүп.

Чал болсо алтын балта кармаган бойдон суугa кирип, жок болот.



# ТАПКЫР ТАРАНЧЫ

Бир таранчы жашаптыр. Ал бутакка конуп отуруп алып минтет:

- Терметчи, мени!
- Терметким келбейт.
- Анда эчкиге арызданам, ал сени жесин!
- Эй, эчки! Мынабу бутакты жеп салчы!
- Эмнеге!
- Мени терметпейм деп жатат.
- Жегим келбейт.
- Анда мен карышкырга жөнөдүм, сени карышкыр жеп салсын!
- Карышкыр, карышкыр, эчкини жеп койчу.
- Эмнеге?
- Бутакты жебейм деп жатат.
- Бутак эмне кылды эле?
- Ал мени терметпей койду.
- Эчкини жебейм!



- Жебесең, адамга арызданам, ал сени союл менен жыга чапсын!

- Эй адам! Карышкырды жыга чапчы!

- Ал эмне кылды!

- Эчкини жебейм деп жатат.

- Эчки эмне кылды эле?

- Ал бутакты жебейм дейт.

- Бутак эмне кылды эле!

- Мени терметпейм дейт.

Адам карышкырга союл ала чуркады, карышкыр эчкини качырды, эчки бутакка асылды, бутак конуп турган таранчыны терметип кирди:

- Укта, укта, уктай гой!

Арызыңды тыштай гой!



# ЖОГОЛГОН НАМЫЯН

*(Португал жомогу)*

Лиссабондо бай соодагер жашап турду. Канчалык акчасы көбөйгөн сайын сандыкка бектеп катып, ошончолук сараңдана берди.

Ал бир жолу короо кой сатып, ал кайра аны ашыра баалап, пайда көрдү. Ошон үчүн ал базардан ырдап көңүлдүү кайтты. Төрт жүз теңгенин үнү намыянынан шыңгырап турса кантип ырдабайт.

«Бул төрт жүзгө дагы кой алып, аны сегиз жүзгө сатсам. Кайра башкасын алып дагы сатам...» деп ой жоруп келатып, сараң соодагер намыянын чөнтөктөн кантип түшүргөнүн байкабай калды. Үйүнө жеткенде гана билип, күйбөгөн жери күл болду. Түнү бою үшкүрүгү таш жарып, кирпик какпады жок.



Эртеси эртең менен шаар башчысына жетип, аябай өтүнүп сурады:

- Урматтуум, аянттан минтип жарыялоого буйрук берсеңиз: Эгерде кимде ким ичинде төрт жүз теңгеси бар намыян тапкан болсо, анда аны сизге алып келип берсин. Сыйлыгына мен ага кырк теңге беремин.

Шаар башчысы соодагерге боор ачыды. Ошол эле күнү анын буйругу боюнча аянттан жоголгон намыян жөнүндө жана аны тапкан кишиге чоң сыйлык бериле тургандыгы айтылды. Арадан үч күн

өткөндөн кийин шаар башчысына бир кембагал аял келди. Анын колунда ичинде төрт жүз тенгеси бар намыян бар эле.

- Сенин адилдигиң сыйлыкка татыктуу, - деди да, шаар башчысы соодагерди чакырууга буйрук берди.

Соодагер келип, теңгени үстөлдүн үстүнө чачып алып, санаса - туптуура төрт жүз экен.

Бирок, соодагердин сараңдыгы, анын кырк теңгеден айрылып калышына мүмкүндүк бербеди.

- О, оңбогур! - деп жекирди сараң. - Мында баары толук эмес турбайбы. Намыянда дагы төрт алтын тыйын бар болчу.

- Соодагер мырза, эгер мен акчаны алгым келсе, анда бул жерге көтөрүп келбейт элем.

Угуп тургандар да анын айтканы бүтүндөй чындык экенине ынанышты. Соодагер гана сөккөнүн уланта берди. Убада кылган кырк теңгени бергиси келбей сараңдын иттик кылып турганын алдан сезген шаар башчысы:

- Маган, жакын кел. Бер, намыянды, - деп, буюрду.

Соодагер анын буйругун орундатты.

- Бул намыян сеники эмес турбайбы, - деди шаар башчысы. - Бул меники. Жакында мен да намыянымды жоготком. Анда да туура төрт жүз теңге бар эле. Бирок, анын ичинде бир да алтын жок болчу.

- Сен муну ак ниетиң менен алып келдиң, - деп кайрылды аялга. Мына ушунун өзү эле сенин кең пейилиңди айгинелеп турат. Ошол ак дилиң үчүн бул намыянды бүт бойдон сага тартуу кыламын.

Сен бул сыйга татыктуусуң!

# САГЫЗГАН ЭМНЕ ҮЧҮН АЛА-БУЛА?

*(Уламыш)*

Илгери - илгери сагызгандын канаты да, куйругу да, денесиндеги тыбыттуу жүнү да капкара экен. Ал жаз чыгары менен тоо таянып, карагай - чердин, көлөкөлүү аска - таштын арасында «чарк, чарк» эте сайрап коюп жүрө берчү дешет. Ал эми кыш түшүп, жер бетин кар каптаары менен жакага, мал жайылчу токой - черге байыр алат имиш.

Ошентип кар кетип, жаз да келет.

Кыштактагылар боз үйлөрүн тигип тоодогу карагайлуу өтөккө конушат.

Сагызгандар да эл менен чогуу салкын төргө учуп келишет.

Бир күнү айылдын келин-кесектери шырдак жасаш үчүн ак кийиздерин бычып, боёш үчүн казанга салышат. Дуулдата от жагышат. Ченем менен сууга боёк кошушат.



Казан кайнаганча аралаштырып турушат.

Аңгыча бийик өскөн карагайдын башындагы сагызган казандагы кып-кызыл «этти» көрөт.

Бул убакта аялдар чай ичүүгө боз үйгө киришет.

Чыдамы качкан баягы сагызгандын шилекейи чубурат.

Туш-туштан сагызгандар чогулат. Жабыла мойнун созушуп, «этти» көтөрө качышат. Далбактай өйдө-ылдый учкан немелер «эттин» ыпысык сууларына канат-куйругун күйгүзүшөт.

- Атаана кашак ай! Ка-шак-шак! Ка-шак-шак! - деген эле үндөр чыгат туш-туштан.



Ошентип күйгөн терилери жыдып, кийин ордуна ала-була жүн чыгат.

Сугалактыгынан жабыр чегип, кейпи ушундай болуп калган экен деген кеп бар.



# КАРЫШКЫР, ТҮЛКҮ ЖАНА КОРОЗ

*(Чечен эл жомогу)*

Токой ичиндеги карышкыр, түлкү, короз үчөө баш кошуп, оюн - зоок курмак болушат.

- Кандай кылабыз? Эмнеден баштайбыз? - дейт короз менен карышкыр.

- Короз бизди дайыма эртең менен ойготуп турсун. Карышкыр токойдон жыгач ташып, мен жагып, мордон түтүн чыгарып турайын. Ошондо калк биздин ишибизге таң калышат, - дептир, түлкү.

Келерки күнү карышкыр тоого жыгач алып келүүгө кетет.

Ошол учурдан пайдаланып түлкү корозго кол салат.

Короз арaңдан зорго качып кутулат.

Бирок, куйругу түлкүнүн оозунда калат...



Токойдон кайтып келген карышкыр бактын башында шүмшүйүп отурган корозду көрөт.

Куйругу жок.

- Сага эмне болгон? - деп таңданат, ал.

Короз болгон окуяны айтат.

Буга ачууланган карышкыр түлкүнү баса жыгып, анын булактаган куйругун жулуп алат.

Карышкырдан зорго качып кутулган түлкү мындай чыга берип:

- Ушинтип бири-брибиздин куйругубузду жула берсек, эч качан оюн-зоок кура албайбыз, - деп кыйкырган имиш.



# КАРЫЯНЫН КЕРЭЭЗИ

**Жомоктор**

Мектеп жашындагы кенже балдар менен иштеген китепканачылар жана тарбиячылар үчүн

Сүрөтчүсү *Жайчибеков Б.*
Түзүүчүлөр: *Султангазиева Р., Ишенов С.*
Редактор *Султангазиева Р.*
Корректор *Ишенов С.*
Текстти компьютерде тергендер:
*Баклыкова Л., Турдукеева Р.*

Басууга кол коюлду 22.07.2008-ж.
Форматы 60x84 $^1/_{16}$. Көлөмү 2,00 б. т.
Талап № 192. Нускасы 1000 даана.

ЖЧК «Салам» Басма үйү
Бишкек ш., Гоголь көч., 120
Тел.: (+996 312) 62-79-10
Тел./факс: (+996 312) 62-09-90
E-mail: id_salam@mail.ru

